# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2008-жылдын 2-июну № 106

## Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө

*(КР 2011-жылдын 18-майындагы № 26, 2011-жылдын 21-декабрындагы № 247, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144, 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64, 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 (2), 2020-жылдын 17-августундагы № 134, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Бул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында телекөрсөтүү жана радиоуктуруу чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат, сөз эркиндигин жана жарандардын толук, так жана ыкчам маалымат алуу укуктарын жүзөгө ашырууга багытталган телерадио уюмдарынын иштөөсүнүн укуктук, экономикалык, уюштуруучулук шарттарын аныктайт.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 1-глава

### Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамдын колдонулушунун чөйрөсү**

1. Ушул Мыйзамдын колдонулушу менчигинин түрүнө, түзүлүү максатына, уставдык иш-аракетине, телерадиоканалдарды, телерадиопрограммаларды жана берүүлөрдү жайылтуу ыкмаларына карабастан, керектөөчүлөрдүн массалык кабылдоосуна эсептелген телерадио каналдарды, ошондой эле телерадиоберүүлөрдү түзүү жана жайылтуу жаатында иш субъекттеринин ортосундагы мамилелерге жайылтылат.

2. Өлкөнүн чегинен тышкары жерде турган, башка мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык аракеттенген уюмдарга карата ушул Мыйзам алардын Кыргыз Республикасынын аймагындагы телерадиоканалдарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жайылтуу тартибин жөнгө салуу жаатында гана колдонулат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-берене. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө мыйзамдар**

Телерадио уюмдары өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, ушул Мыйзамды жана массалык маалымат каражаттар чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамдарды, башка ченемдик укуктук актыларды жана өздөрүнүн уставдарын,

ошондой эле Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерди жетекчиликке алат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-берене. Терминдердин аныктамасы**

Ушул Мыйзамда колдонулуучу түшүнүктөр төмөнкү мааниледе колдонулат:

1) **аналогдук берүү** - сигналдарды аналогдук кайра иштетүү ыкмалары колдонуу менен телерадиоканалдарды жайылтуу тутуму;

2) **аккредитациялоо** - мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын ишин чагылдыруу үчүн алардын алдындагы телерадио уюмдарынын өкүлдөрүн каттоо жол-жобосу;

3) **мамлекеттик телерадио уюмдар** - мекеме статусуна ээ болгон жана жарандардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында мамлекеттик бийлик органдары тарабынан уюштурулган мамлекеттик уюм болуп саналган телерадио уюмдар;

4) **үн коштоону көп каналдуу берүү** - керектөөчүгө берүүнүн тилин тандап алуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү телепрограммада эки же андан көп үн коштогон берүү;

5) **коомдук телерадио уюмдар** - жарандардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жарандык коомдун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети же жарандык коом тарабынан түзүлүүчү телерадио уюмдар;

6) **жамааттык телерадио уюмдар** - жамааттын жана/же башка жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнүн маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жеке адамдар, жамааттар жана/же аймактык белгилери боюнча бириккен жергиликтүү коомчулуктар тарабынан түзүлүүчү жана/же башка жалпы кызыкчылыгы бар телерадио уюмдар;

7) **телерадиоберүүнүн оператору** - лицензиялык талаптарына телерадиоканалдарды жайылтуу кирген, электр байланыш жана/же маалымат берүү жаатында тиешелүү лицензиясы бар электр байланыш оператору;

8) **телерадиоканалдын программалык концепциясы** - ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык телерадиоканалдардын программаларынын жана берүүлөрүнүн негизги мазмундук мүнөздөмөсү аныкталган документ;

9) **түз берүү** - теле же радио берүүлөрдү алдын ала жазып алуусуз жана монтаждоосуз түз берүү;

10) **телерадиоканалды жайгаштырууга уруксат** - лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамдарга ылайык ыйгарым укуктуу орган тарабынан теле же радио уюмдарына жана/же телерадио берүү операторуна берилүүчү жана аналогдук берүүдө жана/же берүүлөрдүн санариптик пакетинде колдонуудагы технологияларга карабастан телерадиоканалды жайгаштырууга алардын укугун тастыктоочу документ;

11) **телерадиоканалдардын программаларынын жана берүүлөрүнүн ырааттамасы (телерадиоберүүлөрдүн программасы)** - убакыттын белгилүү

бир мерчемделген учурунда телерадиопрограммалардын, телерадиоберүүлөрдүн обого чыгышынын ырааттуулугу же хронометражы жөнүндө телерадио уюмдарынын ачык маалыматы;

12) **телерадиоканалдарды жайылтуу** - телерадиоберүү операторлору тарабынан колдонулуучу технологияларга карабастан телекоммуникациялардын техникалык каражаттарын колдонуу менен телерадиоканалдардын электр сигналдарын керектөөчүгө жеткирүү;

13) **толук ретрансляциялоо** - телекоммуникациянын колдонулган каражаттарына карабастан, толук жана алмаштырылгыс телерадио программаларды, телерадио берүүлөрдү, телерадиоканалдарды кабыл алуу жана таратуу (анын ичинде жазылган түрдө);

14) **жарым-жартылай ретрансляциялоо** - телекоммуникациянын колдонулган каражаттарына карабастан, телерадио программалардын, телерадио берүүлөрдүн, телерадиоканалдардын бөлүктөрүн кабыл алуу жана таратуу (анын ичинде жазылган түрдө, пакетте жана ар кандай башка формада);

15) **берүү сеткасы** - конкреттүү мезгилде телерадиоканалдын программалык концепциясынын негизги багыттарын чагылдыруучу радиопрограммалардын, теле же радиоберүүлөрдүн тизмеги, ырааттуулугу, аталышы жана обого чыгуу убактысы;

16) **субтитрлер** - телепрограмманын нукурасында коштолгон үндү текст менен кайталап берүү аркылуу телепрограммада камтылган маалыматты жайылтуу ыкмасы;

17) **телерадио уюмунун чыгармачыл кызматкери** - телерадио программалар жана берүүлөр үчүн маалыматтарды кесипкөй түрдө чогулткан, алган, түзгөн жана/же даярдаган штаттагы же штаттан тышкаркы телерадио уюмунун кызматкери (телерадио журналист, продюсер, режиссер, сценарист, дизайнер, сүрөтчү, программанын же берүүнүн жетекчиси ж.б.);

18) **телерадио уюму** - телерадиоканалдарды түзгөн жана/же комплекттеген, мыйзамда белгиленген тартипте катталган юридикалык жак. Телерадио уюмдун укук жөндөмдүүлүгү мамлекеттик катталган күндөн тартып келип чыгат;

19) **телерадиоканал** - туруктуу аталышы жана белгиленген мезгилдүүлүгү менен андан ары жайылтуу үчүн берүү сеткасына ылайык түзүлгөн телекөрсөтүү, радио программалардын жана башка аудиовизуалдык чыгармалардын жана материалдардын жыйындысын билдирген массалык маалымат каражаты;

20) **телерадио берүү** - керектөөчүнүн (калктын) ачык жана код коюлган түрдө ачык-айкын кабыл алышы үчүн телекоммуникациялардын техникалык каражаттарын пайдалануу менен телерадиоканалдарды түзүү жана/же жайылтуу;

21) **ачык түрдө жайылтылуучу телерадиоканал** - көрүү укугу үчүн керектөөчүнү идентификациялоосуз/жекелештирбестен керектөөчүнүн (калктын) ачык-айкын кабыл алышы үчүн телекоммуникациялардын техникалык каражаттарын пайдалануу менен жайылтылуучу телерадиоканал;

22) **код коюлган түрдө жайылтылуучу телерадиоканал** - көрүү укугу керектөөчүнү идентификациялоонун/жекелештирүүнүн негизинде камсыз кылынуучу, керектөөчүнүн (калктын) ачык-айкын кабыл алышы үчүн

телекоммуникациялардын техникалык каражаттарын пайдалануу менен жайылтылуучу телерадиоканал;

23) **чет өлкөлүк телерадиоканал** - Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакта катталган телерадиоканап;

24) **телерадиоберүү** - өз аталышы, трансляциялоо көлөмү, автордук белгиси бар, программанын башка бөлүктөрүнө карабастан колдонулушу мүмкүн болгон жана бир бүтүн маалыматтык продукция катары каралган, программанын мазмундук жагынан толук бүткөн бөлүгү;

25) **ата мекендик өндүрүштүн телерадиоберүүлөрү** - Кыргыз Республикасынын аймагында катталган жеке жана юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн берүүлөр;

26) **чет өлкөлүк өндүрүштүн телерадиоберүүлөрү** - Кыргыз Республикасынын аймагында катталбаган жеке жана юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн берүүлөр;

27) **телерадио программа** - туруктуу аталышы бар жана берүүнүн белгилүү бир торчосуна кирген телерадио берүүлөрдүн жыйындысы;

28) **телерадио кызматкери** - өзүнүн кесиптик ишинин мүнөзү боюнча жана кызматтык милдеттерине ылайык телерадио программаларды жана телерадио берүүлөрдү түзүүгө катышкан телерадио уюмунун штаттагы же штаттан тышкаркы кызматкери;

29) **телекоммуникациялардын техникалык каражаттары** - телерадио программалардын, телерадио берүүлөрдүн, телерадиоканалдардын электр сигналдарын түзүүгө, кабыл алууга, кайра иштеп чыгууга жана берүүгө мүмкүндүк берүүчү техникалык каражаттар;

30) **трансляциялоо** - телекоммуникациялардын техникалык каражаттарын пайдалануу менен телерадиоканалдарды, телерадио программаларды, телерадио берүүлөрдү жайылтуу;

31) **маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Министрлер Кабинети аныктаган ушул Мыйзамга ылайык телекөрсөтүү жана радиоуктуруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган;

32) **телерадио уюмунун уюштуруучусу (катышуучусу)** - уюштуруу жолу же болбосо мыйзамдарда каралган башка ыкма менен телерадио уюмуна же анын уставдык капиталынын үлүшүнө карата менчик укугун алган жеке же юридикалык жак;

33) **берүүлөрдүн пакети** - электр байланыш тармактары боюнча берилүүчү бирдиктүү пакетке бириктирилген телерадиоканалдардын жыйындысы. Санарип пакети субтитрлерди, телетексттерди, телегиддерди жана башка кошумча маалыматтарды да камтышы мүмкүн;

34) **обо убактысы** - телерадио уюму трансляциялоону (кайра трансляциялоону) жүзөгө ашырган убакыт;

35) **социалдык пакет** - тизмегин Министрлер Кабинети бекитүүчү, калк үчүн акысыз бир жыштыкты бөлүү менен таратылуучу жана мамлекеттик бюджеттен

жана/же башка булактардан (мындан ары - социалдык пакет) каржылануучу телерадио уюмдардын теле жана/же радио каналдарынын пакети.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-берене. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери**

1. Мамлекет телекөрсөтүү жана радиоуктуруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын, телерадио уюмдарынын, телерадио берүү операторлорунун ишаракетинин саясатын, укуктук негиздерин аныктайт.

2. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын маданий жана маалыматтык керектөөлөрүн телерадио берүү каражаттары аркылуу камсыз кылуу үчүн шарт түзүү;

- телерадио уюмдарынын ишинин эркиндигине кепилдиктер;

- ата мекенде чыгарылган программаларды берүүгө жана таратууга колдоо көрсөтүү;

- телерадио уюмдарын өнөржай-каржылык, саясый жана башка топтор же болбосо жеке адамдар тарабынан монополиялаштырууга жол берилбестик, ошондой эле телерадио уюмдарын финансылык-саясый топтордун, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык жана саясий кысым көрсөтүүсүнөн коргоо;

- телекөрсөтүүнү жана радиоуктурууну колдонуу аркылуу маалымат алууга, коомдук маанилүү программаларды эркин жана ачык талкуулоого укуктарды ишке ашырууга кепилдиктер;

- телерадио уюмдарынын иш-аракет эркиндигин кыянат пайдаланууга жол берилбестик;

- Кыргыз Республикасынын аймагында катталган тиешелүү телерадио уюмдары жана/же телерадио берүү операторлору менен келишим түзбөстөн Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк телерадио уюмдарынын түздөн-түз берүүлөрүн жүзөгө ашырууга жол берилбестик.

3. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-берене. Телерадио уюмдарынын иш-аракет эркиндигинин кепилдиктери**

1. Телерадио уюмдарынын маалыматтык ишинде цензурага жол берилбейт.

2. Телерадио уюмдары өздөрүнүн программаларынын жана берүүлөрүнүн мазмунун аныктоодо өз алдынчалыкка жана көз каранды эместикке ээ.

3. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын телерадио уюмдарынын ишине кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**6-берене. Телерадио уюмдарынын иш-аракет эркиндигин кыянат пайдаланууга жол берилбестик**

1. Телерадио уюмдары өздөрүнүн маалыматтар топтомдорунда бийлик органдарына тиешеси бар бардык саясый күчтөрдүн ар кандай ыкмалар менен расмий жарыя кылынган позициялары жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү.

2. Телерадио уюмдарын төмөнкүлөр үчүн пайдаланууга жол берилбейт:

- "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-статьясында белгиленген маалыматтарды таратуу;

- телерадио уюмдарынын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) жекече максаттары;

- зордук-зомбулукту негизсиз көрсөтүү;

- жашы жете электердин жана өспүрүмдөрдүн дене-бойлук, психикалык же болбосо моралдык өнүгүүсүнө залал келтириши мүмкүн болгон программаларды же алардын видеосюжеттерин трансляциялоо;

- мыйзамда белгиленген укуктук жоопкерчилик келип чыгуучу башка иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу.

3. Программалардын жана берүүлөрдүн мазмуну үчүн телерадио уюмунун жетекчиси же программанын жана/же берүүнүн автору (авторлору) жоопкерчилик тартат. Ар бир программа же берүү автор же авторлор жөнүндө, программаны чыгаруучунун аталышы жана дареги жөнүндө маалыматты камтуусу керек.

4. Телерадио уюму тарабынан ушул Мыйзамдын ченемдерин аткарбоо же сактабай коюу алардын лицензияларынын токтотулуп турушуна же кайра алынышына (жокко чыгарылышына) алып келет.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-берене. Телерадио берүү чөйрөсүндөгү атаандаштык**

1. Телерадио уюмдар өздөрүнүн иш-аракетин жүзөгө ашырууда монополияга каршы мыйзамдарды сактоосу жана жазгырма атаандаштыкка жол бербөөсү керек.

2. Телерадио берүү чөйрөсүндөгү экономикалык атаандаштыктын өнүгүүсү үчүн шарттар Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарында белгиленет.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-берене. Телерадио уюмдарынын маалыматтык иши**

1. Телерадио уюмдар телерадиоканалдарды мамлекеттик, расмий жана башка тилдерде берүүнү жүзөгө ашырат.

2. Телерадио уюмдар трансляциялоочу телерадио программалар, телерадио берүүлөргө карата ар бир телерадиоканалдын саат 7.00дөн - 00.00гө чейинки мезгилдеги берүүсүнүн ар күндөгү торчосунун жалпы көлөмүндө төмөнкүдөй шарттар жана пропорциялар сакталууга тийиш:

1) телерадио программалардын жана телерадио берүүлөрдүн 50 пайыздан кем эмеси ата мекендик өндүрүштөгү телерадио программалардан жана телерадио берүүлөрдөн турууга тийиш - анын ичинде саат 7.00дөн тартып 10.00гө чейин жана 18.00дөн тартып 23.00гө чейинки мезгилде.

2) берүүнүн кеминде 50 пайызы мамлекеттик тилде, анын ичинде саат 7.00дөн тартып 10.00гө чейин жана 18.00дөн тартып 23.00гө чейинки мезгилде мамлекеттик тилде жүргүзүлүүгө тийиш.

3. Эгерде фильмдин жана/же башка телерадио программанын жана/же телерадиоберүүнүн түп нускасынын (же кайталоонун) тили мамлекеттик же расмий тил болуп саналбаса, мындай фильмдер жана/же телерадио программалар жана телерадио берүүлөр мамлекеттик же расмий тилде аларды дубляждоо шарты менен трансляцияланат.

4. Эгерде уктуруу мультүндөрдүн опциясын пайдалануу менен жүргүзүлсө, анда берүүнүн тилдеринин бири мамлекеттик тил болууга тийиш.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8[1]-берене. Угуу боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды маалыматтар менен камсыз кылуу**

1. Трансляциясы ачык түрдө Кыргыз Республикасынын үч жана андан көп областтарын камтыган мамлекеттик, муниципалдык жана коомдук телевизиондук каналдардын телевизиондук жаңылык көрсөтүүлөрү сурдологиялык котормо (жаңсоо тили) же субтитрлер менен коштолууга тийиш.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган өзгөчө кырдаалдар жөнүндө жана/же улуттук коопсуздук коркунучунун чыгышы тууралуу ыкчам маалыматтык билдирүүлөр сурдологиялык котормо (жаңсоо тили) же субтитрлер менен коштолууга тийиш.

*3. (КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2011-жылдын 18-майындагы № 26, 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 2-глава

## Кыргыз Республикасындагы телерадио берүү тутуму жана телерадио уюмдарын түзүүнүн тартиби

**9-берене. Телерадио берүү тутумунун субъекттери**

1. Телерадио берүү тутумунун субъекттери аудиокөрмө чыгармаларды, телерадиопрограммаларды, телерадио берүүлөрдү даярдаган телерадио уюмдары, телерадио берүү операторлору болуп авторлор эсептелет.

2. Кыргыз Республикасында телерадиоканалдарды түзүү жана жайылтуу боюнча ишмердүүлүк төмөнкүлөрдү камтыйт:

- лицензия, уруксат алууну талап кылбаган, Кыргыз Республикасынын автордук укук чөйрөсүндө жана аралаш укуктар, ишкердик жаатындагы мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынуучу телепрограммаларды, телерадио берүүлөрдү түзүү (өндүрүү/даярдоо);

- ушул Мыйзам жана массалык маалымат каражаттары жөнүндө мыйзамдар менен жөнгө салынуучу телерадио уюмдары тарабынан телерадиоканалды түзүү жана/же комплекттөө ыйгарым укуктуу орган тарабынан лицензиялоо жөнүндө мыйзамга ылайык берилүүчү жайгаштырууга уруксаттын, ошондой эле телерадиоканалдын массалык маалымат каражаты катары катталуусунун болушун талап кылат;

- электр байланыш кызматтарына тийиштүү телерадио берүү операторлору колдонгон технологияларга карабастан электр байланыш тармактары аркылуу керектөөчүлөрдүн (калктын) кабыл алышына эсептелген телерадиоканалдардын электр сигналдарын жайылтуу "Электр жана почта байланышы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат жана лицензиялоо жана электр байланышы жөнүндө мыйзамдарга ылайык ишке ашырылат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**10-берене. Мамлекеттик телерадио уюмдары**

1. Мамлекеттик телерадио уюмдары Министрлер Кабинети тарабынан мыйзамдарды жана/же Президенттин жарлыктарын аткаруунун алкагында түзүлөт.

Телерадио уюмдарынын жетекчи жана байкоочу органдарын түзүүнүн тартиби ушул Мыйзамдын жоболорун эске алуу менен алардын уставдарында аныкталууга тийиш.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын уставы (КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-мартындагы № 122 токтому менен бекитилген)*

2. Мамлекеттик телерадио уюмдары мекеменин уюштуруучулук-укуктук формасында түзүлөт.

3. Мамлекеттик телерадио уюмдарынын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) телекөрүүчүлөрдү жана радиоугуучуларды Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү коомдук-саясый жана башка окуялар жөнүндө, калктын жашоо-турмушуна же болбосо саламаттыгына коркунуч туудурган өзгөчө окуялар жана кырдаалдар жөнүндө ыкчам кабардар кылуу, расмий кабарларды жарыялоо, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин түшүндүрүү;

2) экономикалык, публицистикалык, маданий-агартуу, медициналык, көркөм, окуу, оюн-зоок, спорттук жана бөлөк программаларды, ошондой эле балдар жана өспүрүмдөр үчүн программаларды түзүү же таратуу;

3) өлкөнүн элинин биримдигин, жарандык бейкуттукту сактоого жана чыңдоого көмөк көрсөтүү;

4) журналистиканын жогорку стандарттарын, толеранттуулукту, ар бир адамдын укуктарын сыйлоо стандарттарын камсыз кылуу;

5) калктын ар кандай улуттук, социалдык, курактык жана башка топторунун пикирлерин эркин билдирүүсү үчүн бирдей мүмкүнчүлүк берүү;

6) Кыргыз Республикасынын эл аралык байланыштарын чыңдоого, анын дүйнөдөгү кадыр-баркынын жогорулашына көмөк көрсөтүү;

7) коомдук аң-сезимде зомбулуктун ар кандай формасын кабылдабоону калыптандыруу жана басмырлоонун ар кандай формасын үгүттөөгө жол бербөө максатында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелерин чагылдыруу.

4. Мамлекеттик телерадио уюмдарын каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын жана өздөрүнүн кирешелеринин эсебинен жүзөгө ашырылат.

*(КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64, 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**11-берене. Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы**

*(КР 2011-жылдын 21-декабрындагы № 247 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**12-берене. Муниципалдык жана жамааттык телерадио уюмдары**

1. Муниципалдык телерадио уюмдары тийиштүү аймактардын жарандарынын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жергиликтүү кеңештердин чечимдеринин негизинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары тарабынан түзүлөт.

Муниципалдык телерадио уюмдарынын жетекчи жана байкоочу органдарын түзүүнүн тартиби, максаттары жана милдеттери ушул Мыйзамдын жоболорун эске алуу менен алардын уставдарында аныкталууга тийиш.

2. Муниципалдык телерадио уюмдары мекеменин уюштуруучулук-укуктук формасында түзүлөт.

3. Жамааттын жана/же башка жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнүн маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жеке адамдар, жамааттар жана/же аймактык белгилери боюнча биригишкен жана/же башка жалпы кызыкчылыгы бар жергиликтүү коомчулуктар тарабынан түзүлөт.

4. Жамааттык телерадио уюмдардын өз программаларын жана берүүлөрүн калкка тартуулоо жана алардын калктын кабыл алуусу ыктыярдуу болуп саналат жана түрдүү жамааттардын социалдык-экономикалык, маданий жана башка жактан өнүгүүсүнө жетишүүгө, жарандык интеграцияны жана тилектештикти чыңдоого багытталган.

5. Жамааттык телерадио уюмдары коммерциялык эмес уюмдун уюштуруу-укуктук формасында түзүлөт.

6. Жамааттык телерадио уюмдардын башкаруу органдарын түзүү тартиби, ишмердүүлүк маселелери ушул Мыйзамдын жоболорун эске алуу менен алардын уставдарында жөнгө салынат.

*(КР 2014-жылдын 18-июлундагы № 144, 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**13-берене. Коомдук телерадио уюмдары уюмдары**

1. Коомдук телерадио уюмдары жарандык коомдун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети же жарандардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жарандык коом тарабынан түзүлөт.

2. Коомдук телерадио уюмдарын түзүүдө аларды уюштуруучулар мындай телерадиоуктуруу уюмдарынын иш-аракетин калк тарабынан кошо каржылоонун маселелерин чече алышат.

Коомдук телерадио уюмдарынын өз программаларын жана берүүлөрүн сунуштоосу жана аларды калктын кабыл алуусу ыктыярдуу болуп саналат.

3. Коомдук телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмунун байкоочу кеңеши уюштуруучулардын, чыгармачыл жамааттын жана жарандык коомдун катышуусу менен паритеттик негизде түзүлөт.

4. Коомдук телерадио уюмдарынын иш-аракет маселелери, алардын башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби ушул Мыйзамдын жоболорун эске алуу менен алардын уставдарында жөнгө салынууга тийиш.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**13-берене. Коомдук телерадио уюмдары**

1. Коомдук телерадио уюмдары жарандык коомдун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же жарандардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жарандык коом тарабынан түзүлөт.

2. Коомдук телерадио уюмдарын түзүүдө аларды уюштуруучулар мындай телерадиоуктуруу уюмдарынын иш-аракетин калк тарабынан кошо каржылоонун маселелерин чече алышат.

Коомдук телерадио уюмдарынын өз программаларын жана берүүлөрүн сунуштоосу жана аларды калктын кабыл алуусу ыктыярдуу болуп саналат.

3. Коомдук телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмунун байкоочу кеңеши уюштуруучулардын, чыгармачыл жамааттын жана жарандык коомдун катышуусу менен паритеттик негизде түзүлөт.

4. Коомдук телерадио уюмдарынын иш-аракет маселелери, алардын башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби ушул Мыйзамдын жоболорун эске алуу менен алардын уставдарында жөнгө салынууга тийиш.

**14-берене. Жекече жана башка телерадио уюмдары**

1. Жекече жана башка телерадио уюмдарын жеке жана/же юридикалык жактар түзүүгө укуктуу.

2. Жекече телерадио уюмдарында байкоочу кеңештер алардын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) чечими боюнча түзүлүшү мүмкүн.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-берене. Телерадио уюмдарын каржылоо**

1. Телерадио уюмдарын каржылоонун булактары болуп бюджеттик каржылоолор, абоненттик төлөмдөр, жарнаманы жасоодон жана трансляциялоодон, буйрутма боюнча телерадиопрограммаларды түзүүдөн, мыйзамдарда жана уставда каралган башка иш-аракеттерден түшкөн каражаттар, кредиттер, инвестициялар, демөөрчүлөрдүн, кайрымдуулук уюмдарынын берген салымдары саналат.

2. Телерадио уюмдарын каржылоонун булагы катары чет өлкөлүк инвестицияларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жол берилет.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-берене. Телерадио уюмдарын башкаруу**

1. Программаларды жана берүүлөрдү түзүү жагында телерадио уюмдарын башкаруу коллегиялык түрдө жүзөгө ашырылат.

2. Телерадио уюмдарынын уюштуруучулары (катышуучулары) телерадио уюмунун чыгармачылык ишине кийлигишүүгө укуксуз.

3. Эгерде ушул Мыйзамда башкача көрсөтүлбөсө, телерадио уюмдарында курамынын жарымы телерадио уюмунун уюштуруучулары (катышуучулары) дайындаган, ал эми жарымы телерадио уюмунун чыгармачыл жамааты тарабынан шайланган байкоочулар кеңешин түзүү каралат. Мында телерадио уюмунун уюштуруучулары жана кызматкерлери өз телерадио уюмунун байкоочу кеңешинин мүчөлөрү боло албайт.

4. Телерадиоуюмунун байкоочу кеңешине төмөнкүлөр жүктөлөт:

- телерадио уюмдарынын чыгармачыл кызматкерлеринин жана телерадио кызматкерлеринин уставды сакташына көзөмөлдүк кылуу;

- телерадио уюмдарынын чыгармачыл кызматкерлеринин жана телерадио кызматкерлеринин укуктарынын, цензурага жана телерадио уюмунун чыгармачылык ишине кийлигишүүгө тыюу салуу жөнүндө талаптардын сакталышына көзөмөлдүк кылуу;

- телерадио уюмунун жетектөөдөн анын жетекчисин четтетүү жөнүндө маселени карoo;

- ушул Мыйзамда жана телерадио уюмунун уставында каралган башка милдеттер менен ыйгарым укуктар.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**17-берене. Телерадио уюмдарынын уставы**

Телерадио уюмунун уставы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган талаптардан тышкары төмөнкүлөр боюнча жоболорду камтышы керек:

- берүүнүн убакытын жана мезгилдүүлүгүн аныктоо тартиби;

- телерадио уюму тараткан маалыматтын тактыгы, объективдүүлүгү, калыстыгы жана тең салмактуулугу;

- купуя маалыматты таратуу;

- үчүнчү жактардан алынган маалыматтын аныктыгы;

- маалыматты таратууда автордук жана чектеш укуктардын сакталышы;

- өлкөдөгү жана анын чегинен тышкары жерлердеги саясый, экономикалык, социалдык жана башка окуялар жөнүндө маалымат таратуу;

- демөөрчүлүк жана жарнакты таратуу;

- телерадио уюмунун башкаруу органдарын түзүүнүн жана кызмат адамдарын дайындоонун тартиби алардын иш-аракети жана ыйгарым укуктары.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 3-глава

## Телерадио берүүнү уюштуруу

**18-берене. Телерадиоканалдарды жайгаштырууга уруксат берүү**

1. Аналогдук берүүдө жана/же берүүнүн санариптик пакетинде алгылыктуу технологияларга карабастан, телерадиоканалдарды жайгаштыруу лицензиялык,

уруксат берүү тутумундагы мыйзамда белгиленген тартипте маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган телерадио уюмуна жана жана/же телерадио берүү операторуна берген уруксаттын негизинде жүргүзүлөт.

2. Аналогдук берүүдө жана/же берүүнүн санариптик пакетинде телерадиоканаларды жайгаштырууга уруксат берүү Министрлер Кабинети аныктаган тартипте жүргүзүлөт. Лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамдарда каралбаган негиздер боюнча уруксат берүүдөн баш тартууга тыюу салынат.

3. Маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган:

- белгиленген тартипте ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарды сактоону текшерүү максатында лицензиялык контролду жүргүзөт жана бузуулар табылган учурда колдонуудагы мыйзамдарда каралган таасир этүү чараларын көрөт.

Аналогдук уктурууда жана/же берүүнүн санариптик пакетинде телерадиоканалардарды жайгаштырууга уруксаттын күчүн убактылуу токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган уруксаты убактылуу токтотулган телерадиоканалдын берүүсүн токтотуу зарылчылыгы жөнүндө телерадио берүү операторуна жана Министрлер Кабинети аныктаган байланышка мамлекеттик көзөмөлдүк кылуучу ыйгарым укуктуу органга токтоосуз маалымдайт.

Укук ээлерин же башка жактардын арызы боюнча, ошондой эле маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган автордук укук жана чектеш укуктар чөйрөсүндөгү мыйзам бузууларды тапкан учурда, маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган мыйзамдарда белгиленген жоопкерчилик чарасын көрүү үчүн тиешелүү ыйгарым укуктуу органга кайрылат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*"Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинин УМББ" нын эскертүүсү: Берилген Мыйзамдын 18-беренесинин абзацтарынын саны расмий тилдеги тексттин 18-беренесинин абзацтарынын санына дал келбейт.*

**19-берене. Телерадио уюмунун телерадиоканалдарынын программалык концепциясы**

1. Ушул Мыйзамдын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, телерадио уюмдарында милдеттүү түрдө телерадиоканалдардын программалык концепциясы болууга тийиш.

2. Телерадио уюмунун берүүлөрүнүн программалык концепциясы төмөнкүлөрдү аныктайт:

- ата-мекендик өндүрүштөгү телерадио берүүлөрдүн, аудиовизуалдык жана/же Кыргыз Республикасынын аткаруучуларынын же авторлорунун музыкалык жана башка чыгармаларынын көлөмүн;

- чет өлкөлүк өндүрүштүн телерадио берүүлөрүнүн жана телерадио программаларынын, ретрансляциялоонун көлөмүн;

- программаларды жана берүүлөрдү жанрдык бөлүштүрүүнү;

- коомдун позитивдүү дене-бой, акыл-эс жана моралдык өнүгүүсүнө эсептелген программаларды жана берүүлөрдү жайылтуу саясатын.

3. Телерадио уюмунун берүүсүнүн программалык концепциясынын негизин маалыматтык-аналитикалык, публицистикалык, маданий-көркөм, илимий-агартуучу жана оюн-зооктук берүүлөр түзүүгө тийиш.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**20-берене. Телерадиоканалдарды, телерадио программаларды жана телерадио берүүлөрдү ретрансляциялоо**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында телерадиоканалдарды, телерадио программаларды, телерадио берүүлөрдү толук же жарым-жартылай ретрансляциялоо ушул берененин талаптарын сактаган учурда чектелбейт.

2. Толук ретрансляциялоону телерадио уюмдар жана/же телерадио берүүнүн операторлору ишке ашыра алышат. Мындай учурда аларга ушул Мыйзамдын 8-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнүн талаптары жайылтылбайт.

3. Чет өлкөлүк телерадиоканалдарды толук ретрансляциялоо укугу мыйзамдарда белгиленген тартипте маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан телерадио уюмуна же телерадио берүү операторуна берилүүчү аналогдук берүүдө жана/же берүүнүн санариптик пакетинде телерадиоканаларды жайгаштырууга уруксат берүү менен аныкталат.

4. Жарым-жартылай ретрансляциялоону аналогдук берүүдө жана/же берүүнүн санариптик пакетинде телерадиоканалды жайгаштырууга тиешелүү уруксат болгон учурда жана ушул Мыйзамдын 8-беренесинин талаптарын сактоо менен телерадио уюмдары гана ишке ашыра алат. Телерадиоканалдарды, телерадио программаларды, телерадио берүүлөрдү ретрансляциялоого каралган ретрансляциялоонун максималдуу көлөмү жана болжолдуу тизмеги (жанрлар боюнча) телерадиоканалдын берүүсүнүн программалык концепциясы менен аныкталат.

5. Толук же жарым-жартылай ретрансляциялоону жүзөгө ашыруучу жана буга өндүрүүчүдөн тиешелүү укуктарды алган телерадио берүү операторлору жана/же телерадио уюмдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоого милдеттүү.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**21-берене. Телерадиоканалдардын берүүлөрү**

1. Телерадио уюму жана/же телерадио берүүнүн оператору телерадиоканалды аналогдук берүүдө жана/же берүүлөрдүн санариптик пакетинде телерадио каналды тийиштүү уруксатты алган күндөн тартып бир жылдан кечиктирбестен жайгаштырууга милдеттүү. Уруксатты берген ыйгарым укуктуу органга мындай жайгаштыруунун башталышы тууралуу он күндүк мөөнөттүн ичинде билдирүүгө милдеттүү.

2. Ушул берененин 1-пунктунун жоболорун бузуу же болбосо телерадио каналдын берүүлөрү отуз календардык күндөн ашык убакытка токтотуу мыйзамда белгиленген тартипте тийиштүү уруксатты кайра артка чакыртып алуу (жокко чыгаруу) үчүн негиз болуп саналат.

3. Телерадио каналды жайгаштырууга уруксатты токтото туруу жөнүндө чечим күчүнө киргенден кийин берүүнү улантуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык телерадио уюмдун жетекчисинин, телерадио берүүнүн тиешелүү операторунун жетекчисинин жоопкерчиликке тартылышына алып келет.

4. Телерадио берүүнүн оператору жылына бир жолу, ар бир календардык жылдын 1-мартынан кечиктирбестен маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга өз торчосунда трансляцияланууч/ретрансляцияланууч телерадио каналдардын тизмеги тууралуу билдирип турууга милдеттүү. Ал эми ушундай тизмекке өзгөртүүлөр киргизилген учурда ыйгарым укуктуу органга бул өзгөртүү киргизилген датадан тартып отуз календардык күндөн кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**22-берене. Спутниктик берүү**

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**23-берене. Чыгарылыш маалыматтары**

1. Телерадио уюму өзүнүн чыгарылыш маалыматтарын (аталышын, үн чакырыктарын, логотибин же эмблемасын) берүү учурунда кабарлоого милдеттүү.

2. Телеберүүлөрдү трансляциялоодо телерадио уюму логотипти же башка чыгарылыш маалыматтарын пайдаланат.

**24-берене. Берүүнү токтотуу**

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**25-берене. Кабарчылык пункттар**

1. Телерадио уюму Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын аймагында жана андан тышкары жактарда кабарчылык пункттарды ачуу укугуна ээ.

2. Кабарчылык пункт телерадио уюмун маалыматтык жактан камсыз кылуу максатында түзүлгөн анын түзүмдүк бөлүгү (филиалы) болуп саналат.

3. Кабарчылык пункттар телерадио уюмунун берүү каналында өз алдынча берүүлөрдү жана маалыматтык жана жарнактык кошумчаларды жүзөгө ашырууга укуксуз.

**26-берене. Телерадио уюмдарынын чыгармачыл кызматкерлерин аккредитациялоо**

1. Телерадио уюму аккредитациялоо тартиби колдонулган мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекемелерде, уюмдарда жана ишканаларда өзүнүн чыгармачыл кызматкерлерин аккредитациялоо укугуна ээ.

2. Аккредитациялоо эрежеси бардык телерадио уюмдары үчүн негиздүү, бирдей жана тең болуусу керек. Аккредитациялоо эрежеси аккредитациялоо тартиби колдонулган тийиштүү мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, мекеме, уюм же ишкана тарабынан жарыя кылынууга тийиш.

3. Мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, мекеме, уюм, ишкана, эгерде мыйзамда башкача каралбаса, телерадио уюмунун өкүлдөрүн эркин киргизүүдөн жана аккредиттациялоодон баш тарта албайт.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**27-берене. Башка телерадио уюмдарынын программаларын же берүүлөрүн пайдалануу укугуна уруксат берүү**

1. Башка телерадио уюмдарынын программаларын же берүүлөрүн пайдалануу "Автордук укук жана аралаш укуктар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Чет элдик телерадиоканалдардын программаларын таркатууда, аудиовизуалдык чыгармалардын менчик ээлери менен макулдашууларда аныкталган же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, программага кандайдыр бир өзгөртүү киргизүүгө тыюу салынат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**28-берене. Аудиовизуалдык чыгармаларды эсепке алуу жана алардын көчүрмөлөрүн (жазылмаларын) сактоонун тартиби**

1. Ар бир телерадио уюму трансляциялаган же кайра трансляциялаган берүүлөрдүн эсеп журналын жүргүзүүгө милдеттүү.

2. Берүүлөрдүн эсеп журналында төмөнкүлөр жазылат:

- берүүнүн чыгарылган күнү, башталган жана аяктаган убактысы;

- берүүнүн аталышы жана темасы;

- берүүнүн авторлорунун жана алып баруучулардын фамилиялары;

- берүүнүн тили.

3. Берүүлөрдү эсепке алуу журналы андагы акыркы жазуу киргизилген күндөн тартып бир жыл бою телерадио уюмунда сакталат.

4. Телерадио уюму трансляциялаган же кайра трансляциялаган же трансляцияланышын камсыз кылган бардык берүүлөр жазылып алынууга тийиш жана, эгерде төмөндө көрсөтүлүүчү мөөнөттө алардын мазмунуна карата даттануулар түшпөсө, таратылган күндөн тартып 30 күн бою сакталат.

5. Берүүлөрдүн мазмунуна карата даттануулар түшкөн учурда анын жазылмалары даттануу каралып, белгиленген тартипте ал боюнча чара көрүлгүчө сакталат.

6. Тарыхый, көркөм, маданий же башка баалуулукту түзгөн телерадио берүүлөрдү узак мөөнөткө сактоонун шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

**29-берене. Расмий билдирүүлөрдү жана башка милдеттүү маалыматтарды таркатуу**

1. Мамлекеттик жана коомдук телерадио уюмдары Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий билдирүүлөрүн акысыз таратууга милдеттүү.

2. Телерадио уюмдары менчик формасынын түрүнө карабастан, өзгөчө кырдаалдар жөнүндө билдирүүлөрдү акысыз таратууга милдеттүү. Бул максаттарда телекөрсөтүүнү жана радиоуктурууну акысыз пайдаланууга өзгөчө кырдаалдардын шарттарында чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу бийлик органдары жана кызмат адамдары укуктуу.

3. Жогорку Кеңештин сессияларын трансляциялоо Жогорку Кеңештин сессиясынын чечими боюнча, мамлекеттик буйрутмага ылайык жүргүзүлөт.

4. Президенттин, Жогорку Кеңештин Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын талабы боюнча мамлекеттик телерадио уюмдары мамлекеттин турмушунун маанилүү маселелери боюнча шашылыш расмий чыгып сүйлөө үчүн аларга убакыт бөлүп берет.

5. Мамлекеттик телерадио уюмдары өздөрүнүн программаларында Жогорку Кеңештин депутаттарына алардын депутаттык ишмердик маселелери боюнча чыгып сүйлөөсүнө мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу үчүн убакытты жана формаларын караштырууга милдеттүү.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын башка маселелер боюнча берүүлөргө катышуусу жалпы негизде жүзөгө ашырылат.

*(КР 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**30-берене. Телерадио уюмдарынын шайлоо процесси мезгилиндеги иш-аракети**

Телерадио уюмдарынын шайлоо процесси мезгилиндеги иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү шайлоо жөнүндөгү мыйзамдар менен жөнгө салынат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**31-берене. Өзгөчө жагдайлардагы берүү**

1. Кыргыз Республикасында же анын айрым жерлеринде өзгөчө жана\же согуштук абалдагы мезгилде телерадио уюмдарынын ишинин өзгөчө режими мыйзамга ылайык белгилениши мүмкүн.

2. Өзгөчө жана/же согуштук абалда берүүнү жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 (2) Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**32-берене. Жарнак**

1. Ушул беренеде каралган учурларды кошпогондо, телерадио уюмдары "Жарнак жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте өзүнүн телерадио каналдарында жарнактарды жайгаштырууга укуктуу.

2. Төмөнкүдөй учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк телерадиоканалардарды толук же жарым-жартылай ретрансляциялоону жүзөгө ашырган телерадио уюмдарына жана телерадио берүү операторлоруна жарнак жайгаштырууга тыюу салынат:

1) Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдердин негизинде социалдык пакеттин алкагында чет өлкөлүк теле каналдардын санариптик берүүсү толук ретрансляциялаганда. Мында Министрлер Кабинети бекиткен социалдык пакеттин алкагында Кыргыз Республикасынын аймагында теле каналдарды таратуу чыгымдарын жабуу үчүн Министрлер Кабинети аныктаган көлөмдөрдө жарнактарды жайгаштырууга жол берилет;

2) ушул Мыйзамдын 8-беренесинин талаптарын сактоо менен ушул телеканалдын ар күндүк эфиринде чет өлкөлүк телеканалдарды телерадио уюмдары жарым-жартылай ретрансляциялаганда.

3. Кыргыз Республикасынын автордук жана чектеш укуктар чөйрөсүндөгү мыйзамдарын сактабаган телерадиоканалдарда жарнакка тыюу салынат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**33-берене. Демөөрчүлөрдүн телерадио берүүлөрдү жана телерадио программаларды түзүүгө катышуусу**

1. Телерадио берүүлөрдү, телерадио программаларды материалдык формада түзүүгө башка жактар, анын ичинде демөөрчүлүк, гранттар жана мыйзам тарабынан уруксат берилген башка колдоо ыкмалары түрүндө катыша алат.

2. Демөөрчүлүк жарнактын бир түрү болуп саналат.

3. Гранттар акысыз негизде берилет жана телерадио берүүнүн жана телепрограмманын башталышында же аягында грант берүүчүгө карата 5 секунддан ашпаган тексттик көрсөтүүдөн тышкары, грант алуучунун жарнак түрүндөгү милдеттенмесине алып келбейт.

4. Телерадио уюмдары же студия-өндүрүүчүлөр болуп саналбаган юридикалык жана жеке жактар программаларды жана/же берүүлөрдү өндүрүүнү тикелей же бирөө аркылуу финансылоого катыша алат.

5. Демөөрчү финансылоочу телерадио берүүлөрдө жана телерадио программаларды демөөрчү жөнүндө маалыматтар (аталышы же ысымы, соодалык же фирмалык маркасы, эмблема) берүүлөрдүн башталышында жана аягында титрлер, диктордук текст же башка ык менен так жана айкын белгиленүүгө тийиш.

6. Демөөрчүлөр телерадио программалардын жана телерадио берүүлөрдүн же алардын бөлүктөрүнүн убактысына жана мазмунуна таасир көрсөтүүгө, ошондой эле телерадио уюмдарынын жана алардын кызматкерлеринин кесиптик иш-аракетине кийлигишүүгө укуксуз.

7. Демөөрчүлөр программалардын жана берүүлөрдүн же алардын бөлүктөрүнүн мазмуну үчүн телерадио берүүчүнү жоопкерчиликтен бошотпойт.

8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык телерадио берүүдө жарнакты берүүгө тыюу салынган товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү же сатып өткөрүү иши иш-аракетинин негизин түзгөн юридикалык жана жеке жактар демөөрчү боло алышпайт.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**34-берене. Берүүлөрдүн анонстору**

1. Берүүлөрдүн анонстору телекөрүүчүлөр жана радиоугуучулар үчүн маалымат болуп эсептелет жана ушул Мыйзамдын 39-40-беренелеринин талаптарына жооп берүүгө тийиш.

2. Берүүлөрдүн анонстору "Жарнак жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык көрсөтүлөт.

## 4-глава
## Телерадио уюмдарынын жана алардын кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери

**35-берене. Телерадио уюмдарынын укуктары**

Телерадио уюмдары, алардын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте өздөрүнүн уставдык иш-аракетин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл маалыматтарды менчик формасына карабастан мамлекеттик органдардан, ишканалардан, мекемелерден, уюмдардан алууга укуктуу.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**36-берене. Телерадио уюмдарынын жамааттарынын укуктары**

1. Телерадио уюмдарынын жамааты чыгармачыл кызматкерлерден жана башка телерадио кызматкерлеринен турат.

2. Телерадио уюмунун жамааты өзүнүн кызматкерлеринин кызыкчылыктарын коргоо жана алардын укуктарынын сакталышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу, телерадио уюмунун чыгармачыл ишинде цензурага жана кийлигишүүгө тыюу салуу тууралу талаптарды коюуга укуктуу.

3. Телерадио уюмунун жамаатынын чогулушу телерадио уюмунун байкоочулар кеңешинин курамынын жарымын шайлайт.

Жамааттын мүчөсү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) телерадио уюмунун жамаатынын чогулушуна катышууга, анда каралуучу маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө;

2) телерадио уюмунун байкоочулар кеңешинин курамына талапкерлерди сунуш кылууга;

3) кызматкерлердин укуктарын, телерадио уюмунун чыгармачыл иш-аракетинде цензурага жана кийлигишүүгө тыюу салуу талаптарын бузуу маселелери боюнча, телерадио уюмунун уставын бузуулар тууралу байкоочулар кеңешине кайрылууга.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**37-берене. Телерадио уюмдарынын милдеттери**

1. Телерадио уюмдары төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоого;

2) объективдүү маалыматтарды таратууга;

3) башка телерадио уюмдарынын программаларын берүүдө жана кабыл алууда, телекоммуникация каражаттарынын иштөөсүндө тоскоолдуктарды түзбөөгө;

4) телерадио берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарын жана техникалык параметрлерин сактоого;

5) мыйзамдарда белгиленген жарнак иш-аракетинин жана демөөрчүлүктүн эрежелерин аткарууга;

6) бардык элдердин улуттук кадыр-баркына, улуттук өзгөчөлүгүнө жана маданиятына карата урматтоо менен мамиле кылууга;

7) өз ысмын жарыялабоо шартында маалыматты же башка материалды берген адам жөнүндө маалыматты документтик ырастоонун негизинде купуя сыр катары сактоого;

8) соттолуучу адамдын күнөөсүздүк презумпциясын бузган материалдарды таратпоого;

9) эгерде коомдук зарылдык болуп саналбаса, жарандын жеке турмушу жөнүндө маалыматты анын макулдугусуз жарыялабоого. Эгерде сот жарандын жеке турмушу жөнүндө маалыматты таратуу коомдук зарылдыкты туудурбай тургандыгын тааныса, моралдык залал жана материалдык зыян Кыргыз Республикасынын мыйзамындарында белгиленген тартипте төлөнүп берилет.

10) таратылган маалымат анык эмес деп таанылганда төгүндөө берүүгө д.у.с.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**38-берене. Телерадио уюмдарынын чыгармачыл кызматкерлеринин милдеттери**

1. Телерадио уюмунун чыгармачыл кызматкери төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) телерадио уюмунун программалык концепциясын сактоого, анын уставын жетекчиликке алууга;

2) өзү алган маалыматтын аныктыгын текшерүүгө;

3) ушул Мыйзамдын 6-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган маалыматтарды таратууга жол бербөөгө;

4) жарандардын ар-намысын жана беделин түшүргөн, мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын бузган маалыматтарды телерадио программаларда таратуу учурларына жол бербөөгө;

5) ушул Мыйзамдан жана телерадио уюмунун уставынан жана телерадио уюмунун алар менен түзгөн эмгек келишиминен келип чыккан башка талаптарды аткарууга.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган милдеттер телерадио уюмунун штаттан тышкаркы чыгармачыл кызматкерлерине да таркалат.

3. Телерадио уюмунун чыгармачыл кызматкери шайлануучу кызмат ордуна талапкер катары көрсөтүлгөндө, телекөрсөтүүнү жана радиоуктурууну пайдаланууда ал башка талапкерлер менен бирдей укукка ээ.

4. Телерадио уюмунун чыгармачыл кызматкери шайлануучу кызмат ордуна талапкердин ишенимдүү адамы болсо, анын кызыкчылыктарында өзүнүн кызмат абалын пайдаланууга укуксуз.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 5-глава
## Телекөрүүчүлөрдүн жана радиоугуучулардын укугу

**39-берене. Телекөрүүчүлөрдүн жана радиоугуучулардын укуктарын коргоо**

1. Телекөрүүчүлөр жана радиоугуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында кабыл алууга мүмкүн болгон телерадио уюмдардын программаларын кабылдоого;

2) берүүлөрдүн ырастамасы жөнүндө маалымат алууга;

3) тийиштүү программалардын жана берүүлөрдүн мазмуну жана техникалык сапаты боюнча сын-пикирлери жана сунуштары менен телерадио уюмдарына, алардын түзүүчүлөрүнө кайрылууга жана өз кайрылуусуна жазуу жүзүндө же берүү убагында тикелей жооп алууга;

4) телерадио уюмдарында алар жөнүндө таратылган маалыматтарды мыйзамда белгиленген тартипте төгүндөөгө.

**40-берене. Коомдук моралды коргоо жана жашы жете электердин жана өспүрүмдөрдүн укуктарын камсыз кылуу**

1. Телерадио программаларды жана берүүлөрдү түзүүдө, даярдоодо, берүүлөрдүн торчосун түзүүдө телерадио уюмдар Кыргыз Республикасынын коомдук адеп-ахлакты коргоо жөнүндө мыйзамдарынын талаптарын сактоого милдеттүү.

2. Телерадио уюмдарына обо убактысында саат 7.00дөн 23.00гө чейин жашы жете электердин жана жеткинчектердин дене-бой, интеллектуалдык жана руханий жактан өнүгүүсүнө залакасын келтирүүчү жаңылыктан тышкаркы мүнөздөгү программаларды жана берүүлөрдү трансляциялоого, ошондой эле анонс жасоого тыюу салынат. Андай болбогон учурда мындай программалар жана берүүлөр жашы жете электер үчүн техникалык жактан чектелип көрсөтүлүшү керек.

Мындай программалар же берүүлөр атайын эскертүүлөрү болууга жана телерадио уюмдарынын программаларынын ырааттамасында белгиленип, түздөн-түз аларды трансляциялоонун алдында жана мезгил-мезгили менен атайын белгиленип турууга тийиш.

3. Телерадио берүү уюмдары өздөрүнүн программаларында жана берүүлөрүндө жашы жете электин керт башына тиешеси бар кандайдыр бир маалыматты алардын ата-энелеринин же аларды алмаштыруучу адамдардын, ошондой эле тиешелүү укук сактоо органдарынын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз жарыя кылууга укуксуз.

**41-берене. Маалыматты бурмалоого жол берилбестик**

1. Телерадио уюму үчүн маалымат берген жана маек курган адам тийиштүү берүүнү трансляциялоодон мурда аны көрүүгө жана/же угууга укуктуу.

2. Маалыматтын анык эместигине жана толук эместигине байланышкан талаштар сот тартибинде каралат.

**42-берене. Төгүндөөгө укук**

1. Жаран же юридикалык жак телерадио уюмунан анын программасында же берүүсүндө таратылган чындыкка жатпаган жана/же адамдын ар-намысын жана беделин түшүргөн маалыматтарга төгүндөө берүүнү талап кылуу укугуна ээ.

2. Эгерде жарандын өзү төгүндөөнү талап кылууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, жарандын өкүлдөрү төгүндөөнү талап кылуу укугуна ээ.

3. Төгүндөөнү талап кылуу арызы телерадио уюмуна мындай маалыматтар таратылган күндөн тартып отуз күндүн ичинде жазуу жүзүндө берилүүгө тийиш.

4. Телерадио уюму, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамында башкача каралбаса, арыз келип түшкөн күндөн тартып жети күндүк мөөнөттө арызды кароого милдеттүү.

5. Телерадио уюму арыз берүүчүнүн талабы боюнча ага программанын же берүүнүн тиешелүү бөлүгүн акысыз угууга (көрүүгө) мүмкүнчүлүк берүүгө же ошол бөлүктүн жазылмасынын көчүрмөсүн тиешелүү акы төлөө менен берүүгө милдеттүү.

6. Эгерде телерадио уюмунда ал тарабынан таратылган маалыматтын чындыкка жатары жөнүндө толук далилдер болбосо, ал аны тезинен төгүндөөгө милдеттүү.

7. Төгүндөө чындыкка жатпаган маалымат таратылган телерадио уюму жана анын программасы же берүүсү аркылуу таратылууга же укугу бузулган адам менен макулдашып башка учурда жарыя кылынууга тийиш.

8. Төгүндөөдө кандай маалыматтар чындыкка жатпай тургандыгы, алар телерадио уюмунун кайсы программасында же берүүсүндө таратылгандыгы көрсөтүлүүгө тийиш.

9. Эгерде жаран же юридикалык жак төгүндөөнүн текстин сунуш кылса, ал ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык келген шартта таратылууга жатат. Арыз берүүчү берген төгүндөөнүн текстин анын макулдугусуз кыскартууга же ага башка өзгөртүү киргизүүгө жол берилбейт.

10. Төгүндөөнүн текстин таратууга милдеттүү болгон телерадио уюму жарандын же юридикалык жак жиберген өкүлдүн талабы боюнча ага өз текстин окуп берүүгө жана аны жазып алып уктурууга же көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

11. Төгүндөөнүн текстинин мазмуну жана таратуунун болжонгон мөөнөтү тууралу телерадио уюму арыз берүүчүгө жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

12. Телерадио уюму төгүндөөдөн баш тарткан учурда ал бул тууралу тезинен арыз берүүчүгө билдирүүгө милдеттүү.

13. Төгүндөө жөнүндө соттун чечими чыккан учурда төгүндөөнүн тексти ушул Мыйзамда аныкталган тартипте телерадио уюму тарабынан таркатылат.

**43-берене. Жооп берүүгө укук**

1. Телерадио уюмунун программасында же берүүсүндө өзүнө карата чындыкка жатпаган же өзүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укугун бузган маалыматтар таратылган жаран же юридикалык жак, төгүндөө талабы менен арыз берилгендигине же берилбегендигине көз карандысыз түрдө, ошол телерадио уюмунун программаларында жана берүүлөрүндө жооп берүүгө (чечмелөөгө же иштин жагдайын өзүнчө түшүндүрүүгө) укугу бар.

2. Жооп берүүгө (чечмелөөгө же иштин жагдайын өзүнчө түшүндүрүүгө) арыз берүүнүн тартиби ушул Мыйзамдын 42-беренесинде аныкталат.

**44-берене. Материалдык жана моралдык зыяндардын ордун толтуруу**

Моралдык жана материалдык зыяндардын орду Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын талаптарына ылайык толтурулат.

**45-берене. Чындыкка жатпаган маалыматты тараткандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу**

1. Чындыкка жатпаган маалыматты тараткандыгы үчүн телерадио уюму жана анын кызматкерлери төмөнкү учурларда жоопкерчилик тартышпайт:

1) эгерде бул маалымат расмий билдирүүлөрдө камтылса же мамлекеттик бийлик органдарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жазуу жүзүндө алынса;

2) эгерде бул маалымат мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызматына талапкерлер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер тарабынан жарыяланган (жазуу жүзүндө же оозеки) билдирүүлөрдөн жана чыгып сүйлөөлөрдөн сөзмө-сөз келтирүү болуп саналса;

3) эгерде бул маалымат алдын ала жазып алуусуз таратылса жана телерадио уюмунун кызматкери болуп эсептелбеген адамдардын сүйлөгөн сөздөрүндө камтылса;

4) эгерде ал башка массалык маалымат каражатынын же маалымат агенттигинин материалдарынын ага шилтеме берүү менен кайра берилиши болуп эсептелсе;

5) эгерде жоопкерчиликтен бошотуу башка мыйзамда каралса.

**45[1]-берене. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

1. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик жарандык, жазык мыйзамдарында жана бузуулар, жоруктар жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте келип чыгат.

Ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу укуктук мамилелерден келип чыккан талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде, "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте каралат.

*(КР 2020-жылдын 17-августундагы № 134 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 6-глава
## Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу тармагындагы эларалык кызматташтык

**46-берене. Телерадио уюмдарынын эл аралык кызматташтыгы**

1. Телерадио уюмдарынын чет өлкөлүк өнөктөштөрү менен кызматташуусу келишимдердин, макулдашуулардын негизинде жүзөгө ашырылат.

2. Эгерде Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимде бул Мыйзамда каралгандан башка ченемдер белгиленсе, эл аралык келишимдердин ченемдери колдонулат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**47-берене. Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк телерадио уюмдарынын өкүлдөрүнүн иш-аракети**

1. Чет өлкөлүк телерадио уюмдарынын кабарчыларын аккредитациялоо Кыргыз Республикасынын тиешелүү телерадио уюмдарынын же чет өлкөлүк телерадио уюмдарынын сунушу боюнча Тышкы иштер министрлиги тарабынан жүргүзүлөт.

2. Аккредитацияланган чет элдик кабарчылар телерадио уюмунун кызматкеринин ушул Мыйзамда каралган укуктарына жана милдеттерине ээ болот.

3. Белгиленген тартипте Кыргыз Республикасында аккредиттациялaнбаган чет элдик телерадио уюмдарынын өкүлдөрү өз иш-аракетин чет өлкөлүк юридикалык жак катары жүзөгө ашырат.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 7-глава
## Корутунду жоболор

**48-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет. Ушул Мыйзамдын 32-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту 2023-жылдын 1-январына чейин колдонулат.

*"Эркин Тоо" газетасында 2008-жылдын 6-июнунда № 40-41 жарыяланды*

2. Ушул Мыйзамга ылайык келтирилгенге чейин колдонуудагы ченемдик укуктук актылар ушул Мыйзамга карама-каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат.

3. Ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин телерадио берүүгө берилген бардык лицензиялар ушул Мыйзам күчүнө кирген датадан тартып жана Министрлер Кабинети бекитүүчү телерадио каналды жайгаштырууга уруксат берүү тартиби каралган мыйзамга караштуу акт кабыл алынгандан кийинки үч айдын ичинде колдонулушун улантат.

4. Ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык телерадио уюмдары ушул Мыйзам күчүнө киргенден кийин алты айдын ичинде өздөрүнүн уставдарын бекитүүгө жана кайра каттоодон өтүүгө тийиш.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айдын ичинде өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

6. "Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ("Эркин-Тоо" газетасы, 2007-жыл, 6-апрель, N 25) күчүн жоготту деп табылсын.

*(КР 2017-жылдын 4-майындагы № 75, 2020-жылдын 17-августундагы № 134, 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **К.Бакиев**